Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бут кийим кийгенде, чач-сакалын тараганда, даарат алганда, деги ар бир ишинде оң жагынан баштоону жакшы көрөт эле

Ыймандуулардын энеси Айша (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) бут кийим кийгенде, чач-сакалын тараганда, даарат алганда, деги ар бир ишинде оң жагынан баштоону жакшы көрөт эле.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жакшы иштердин баарын оң колу менен баштаганды артык көрчү. Мисалы: Бут кийимин кийгенде он бутун биринчи кийчү. Чачын, сакалын тараганда же майлаганда оң жагынан баштачу. Даарат алып колдорун жана буттарын жууганда оң жагын биринчи жуучу.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3018